УДК:94:392.51 (575.1)

**Алтымышова В. К.** ОшМУ
**ӨЗБЕКСТАНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ҮЙЛӨНҮҮ САЛТЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

**Алтымышова В. К.** ОшГУ
**ОСОБЕННОСТИ СВАДЕБНЫХ ОБРЯДОВ КЫРГЫЗОВ УЗБЕКИСТАНА**

**Altymyshova V.** OSU
**FEATURES OF KYRGYZ WEDDING CEREMONIES IN UZBEKISTAN**

**Аннотация.** Макалада Өзбекстандын Анжиян областында жүргүзүлгөн этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде этникалык кыргыздардын азыркы күндөгү үй-бүлө куруунун салттык негиздери тууралуу жазылган. Үйлөнүү тоюнун этаптары, өзбек жана кыргыз маданиятынын өз ара байланышы жана бири-бирине болгон таасиринин негизинде этникалык кыргыздардын салтындагы өзгөчөлүктөр, үйлөнүү үлпөтүнүн трансформацияланышы жөнүндө маалыматтар камтылган.
**Негизги сөздөр**: салт, кудалашуу, кыз узатуу, үйлөнүү той, калың, жубайлар, меймандостук, бата.

**Аннотация.** В данной статье на основе полевых материалов описываются традиционные подходы создания семьи и процессы транформации свадебных обрядов, традиций у кыргызов Узбекистана на современном этапе. Описываются этапы свадебных обрядов, рассматривается взамосвязь и взаимовлияние узбекской и кыргызской культуры и его отражение на традициях этнических кыргызов.
**Ключевые слова**: традиция, сватовство,свадьба, жених, калым, молодожены, гостеприимство, благословение.

**Annotation.** Based on field materials, this article describes traditional approaches to creating a family and the processes of transformation of wedding rituals and traditions among the Kyrgyz of Uzbekistan at the present stage. The stages of wedding ceremonies are described, the interrelation and mutual influence of Uzbek and Kyrgyz culture and its reflection on the traditions of ethnic Kyrgyz are considered.
**Keywords:** tradition, matchmaking, wedding, hospitality, groom, redemption, newlyweds, blessing.

Азыркы күндө Өзбекстан Республикасынын аймагында кыргыздар жашап келет жана алардын өнүгүү жолу жашоо шартына жараша өзгөрүүлөргө дуушар болуп келгендиги байкалууда. Өзбекстандын Кыргызстанга чектеш Фергана өрөөнүндөгү Анжиян областына караштуу Коргон-Төбө, Жалал-Кудук, Кожо-Абад, Булак-Башы, Мархамат ж.б. райондорунда кыргыздар эзелтен чогуу жашап келет. Бул чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздар Кыргызстан менен этностук-маданий, чарбалык-экономикалык, туугандык карым катнаштары кеңири болгондуктан, толук этностук өзгөөлүктөрүн сактап келишүүдө.

Тарых илиминде көпчүлүк окумуштуулар өз эмгектеринде элдик каада-салттар коомдун социалдык баалуулуктарынын бири экендигин белгилеп кетишкен. Каада-салттарда элдин жашоо философиясы, коомдук-маданий тажрыйбасы, адептик баалуулуктары жана башка дөөлөттөрү камтылган. Каада-салт муундан муунга, атадан балага өтүп, бардык этностордо узак убакытка чейин сакталып келген улуу мурас, бирок ар бир доордо жана ар кандай тарыхый щарттарга байланыштуу каада-салттар коомдогу өзгөрүүгө дуушар болот.

Кыргызстандагы жана Өзбекстандагы кыргыздардын үй-бүлө мамилелеринде айырмачылыктар бар экендиги талашсыз, айрыкча алар каада-салт, үрп-адаттарында көп байкалат. Ошондуктан макалада бул айырмачылыктарды белгилеп көрсөтүүгө

аракет жасалган жана алар көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалынан көз каранды экендигтин белгилейбиз.

Изилдөө иштерин жүргүзүү учурунда Өзбекстандын Анжиян облусунун Коргон Төбө районундагы Мукур айылында болуп өткөн кыз узатуу тоюна туш келип калып, тойдун кандай өткөнүнө күбө болуп калдык. Үйлөнүү той адам баласынын жашоосундагы эң маанилүү окуя болгондуктан, бул саамалыкка жаштардын ата-энеси, жакын туугандары, жоро-жолдоштору, ал тургай бүтүндөй айыл эли катышат. Айрыкча айыл элинин тойго катышуусуна карап элдин ынтымагы, биримдиги, өз ара мамилелери, жылуу алакалары байкалат. Өзбекстанда мыйзам боюнча кыздар 18 жаштан, эркек балдар 20 жаштан үй-бүлө курганга уруксат. Эрте курактагы никелерге мамлекет тыюу салган. Үй-бүлө курганга чейин чейин балдар, турмушка чыкканга чейин кыздар атайын орто кесиптик окуу жайдан болсо да билим алып, бир кесиптин ээси болуу талабы бар. Үйлөнүп жаткан жаш жубайлар үй-бүлө куруу – бул адам баласынын өмүрүндө маанилүү процесс гана эмес, чоң жоопкерчилик экенин түшүнүү керек.

Өзбекстандык кыргыздардын үй-бүлө мамилелеринде кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттары аралаш түрдө кездешет. Кыз ала качуу салты таптакыр жок. Уулдарын үйлөө, кыздарды турмушка узатуу ата-эненин макулдугу менен гана ишке ашат. Көпчүлүк учурда болочок келинди тандоо милдети ата-энеге жана жакын туугандарына жүктөлөт. Бул учурда өзгөчө чоң жоопкерчилик аялдарга тиешелүү болот.

Кыздын колун сурап баруу негизинен айылдагы же туугандардын арасынан абройлуу, сөзгө чебер эркектер барат. Никелешүү татаал жана кылдаттык менен мамиле түзүүнү талап кылган процесс, көбүнчө кудалашуудан башталат жана сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктаган соң эки тараптын кол алышуусу жана батасы менен бекемделеип, кыз тараптын макулдугун алган соң калындын өлчөмүн аныктап, тойду белгилешет. Калыңдын көлөмү күйөө бала тараптын социалдык-экономикалык абалына жараша болот. Азыркы күндөрдө калын 1000-2000 $ тегерегинде болуп калган. Акчадан сырткары той күнү кудаларды сыйлоо үчүн жана элге той берүү үчүн 2 баш кой берилет. Кыз тарап калыңды алгандан кийин кыздын себин даярдоого кам көрө баштайт. Септи даярдоодо кыздын энесине чоң жоопкерчилик жүктөлөлөт, себеби келечектеги үй-бүлөнүн оокатын даярдоо эки жаштын бутуна туруп кетүүсүнө чоң салым кошула тургандыгы маалым.

Биз күбө болгон тойдун ээлери орточо кирешелүү үй-бүлө катары эсептелет, кыздын атасы Россияда эмгек мигранты, апасы айылдагы мектептин мугалими. Кыз узатуу тою болгон күнү эрте менен саат 5 те керней, сурнайлардын добушу чыгат жана алыска чейин угулат. Бул көрүнүш көз жоосун алган аябай кооз жана жагымдуу, айланада эл чогулуп баары маанайлары көтөрүлүп, майрам башталды деген белгини туюнтуп турат.

Той ээлери эрте менен айыл аксакалдарын конокко чакырып, эки же үч бөлмөнү даярдашат. Дасторкон жайып, анын бетине нан, таттууларды, мөмө-жемиштерди коюшат. Бардык тамак-аштар эркектер тарабынан даярдалалып, кызматты да эркектер тейлешет (аш демдөөдөн баштап чай кайнатууга чейин), бөлмөдөгү конокторго тамактарды эркектер өздөрү жеткирип беришет. Айыл аксакалдары бата беришет. Бата берүүнүн да өүнчө этикети бар, Алгачкы бата той ээлерине берилет, анан турмушка узап жаткан кызга, эки жашка бакыт тилеп, каалоо-тилектер айтылат.

Эркектер чыгып кеткенден кийин аялдар, туугандар келе баштайт. Алар белектер менен келет, азыркы күндө белек катары акча, жоолук, мата, кыздын себине керектелүүчү буюмдарды да кошумча берилгендигин байкадык. Алсак, төшөк, балыштар, кытай жууркандары (плед), идиштер белек катары берилген. Дасторконго ар түрдүү таттуулар, нан, ширindиктер, мөмө-жемиштер (сезонго жараша) коюлат. Өзбекстандык кыргыздарда согумга бир эле кой союлат жана жилик тартуу салты бул жерде өтө деле маанилүү эместигин байкадык. Тойдо биринчи тамак катары шорпо, андан кийин экинчи тамак болуп аш тартылат. Эгерде эркектер бир сааттын ичинде жеп, ичип чыгып кетишсе, аялдар каалаган убакытка чейин отурушат, бирок ал убакыт 2-3 сааттан ашпайт. Тамак-ашты жеп болгондон соң аялдардын ичинен эң аксакалы батасын берет.

Коноктор кеткен соң кыздын ата-энеси күйөө жолдошторду тосууга даярдана баштайт. Күйөө бала достору менен келип, атайын дасторкон салынып, даярдалган үйгө отурат. Күйөө бала көпчүлүк учурда 20-25 досу менен келет. Аларга себет берилет. Мындан бир топ жыл мурда себетке нан, шириндиктер жана таттуулар менен катар спирт ичимдиктери, тамеки, жүз аарчылар кошо салынып келсе, азыркы күндө ислам дини кеңири жайылып, жаштардын динге берилүүсүнүн себебинен себеттерге жайнамаз, теспе кошулуп калганын айтышты. Бир күн алдын күйөө бала ата-энеси менен кыздын үйүнө келип, сый көрүп, кийит кийип кетишкен. Тойдо өзбек жана кыргыз ырларынын коштоосунда бийлешет.

Биз барган айылда кыргыз жана өзбек салттары аралаш колдонулуп, ал тургай өзбек салттарынын үстөмдүк кылганы байкалып турду. Алсак, сеп бергенде күйөө бала тарап бир бөлмөсүн жаштарга бөлүп берет жана кыз тарап ошол бөлмөнү толтуруп берет: терезеге илген пардадан баштап килем, уктоочу эмерек, көрпө-төшөк, идиш-аяк алып берет, акыркы жылдары сепке үй тиричилик техникасы: кир жуугуч машина, чаң соргуч, муздаткыч, айрым колунда бар жерлерде кондиционерге чейин берип калгандыгын респонденттер айтып кетишти.

Тойдун эртеси күйөө бала достору менен атайын жасалган унааларда келип, кызды алып кетет. Эки жаштын отурган унаасы бир топ жыл алдын лента, шарлар менен жасалчу, азыр бул салт колдонулбайт, жөн гана кымбат баалуу же акыркы мезгилдеги заманбап болуп жаткан унааларга отуруп кетишет. Кызды достору кошунанын үйүнө бекитип, күйөө балдар аны ошол жактан алып чыгып кетишет. Бул салт жергиликтүү элде кеңири тараган жана жаштар үчүн тойдун кызыктуу көрүнүшү катары эсептелет, себеби кыздын достору кызды бекитип, күйөө жолдоштордон акча алып, чыгарышат. Ошентип, кызды алып чыккандан кийин жаштар аксакалдардан бата алып, жолго чыгышат. Батаны кооз сүйлөгөн, сөзгө чечен, очор-бачарлуу байбиче берет.

Кереге бою от жаксан
Түтүн кылбай өчүргүн.
Күйөөн катуу сөз айтса
Күлкү менен кечиргин.
Артындан камчы салдырба,
Атана наалат алдырба.
Эңилтип камчы салдырба,
Энеңе наалат алдырба.

Жергиликтүү кыргыздардын арасынан бата берип жатканда ушул насааты ыр түрүндө колдонуп айтышат.

"Атаңдын эшиги пахта эшик, кайнатаңдын эшиги такта эшик, такта эшиктен тайкалба (тайба, жыгылба деген мааниде. авт.), пахта эшикке кайрылба" деген накыл сөздөр менен узатышат.

Жаштар өздөрүнчө оюн-зоок уюштуруп, бийлеп, ойноп, кечинде күйөө баланын үйүнө барышат.

Күйөө бала тарапта өткөргөн тойго кыз тараптан аялдар гана барат жана бул салт "кыз көчүрүү" деп аталат. Кудалар кызды көчүргөндөргө атайын унаа жиберет. Көчүрүп баргандардын катарында кыздын жакын туугандары: чоң энеси, таэнеси, апасы, таэжелери, жеңелери ж.б. барышат.

Кызды күйөө баланын үйүнө алып келгенде алыстан эле унаалардын үндөрү угулат. Салт боюнча, күйөө бала келинди дарбазадан үйүнө чейин колуна көтөрүп кирет. Босогодо келинди сары май же бал менен ооздантып, колтугуна төрт даана нанды кыстарып, бөлмөсүнө алып киришет. Нанды кыстаргандын мааниси, колунда жана үйүндө дайыма береке, токчулук болсун дегенди туюндурган.

Кызды көчүрүп келген меймандарды болсо дарбазадан киргенде кумган менен колдоруна суу куюп, ар биринин колуна жаңы бет аарчы карматат жана шириндиктерден ооз тийип, үйгө киришет. Кудалар отурганда бата айтылат, андан кийин ысырык салынат жана коноктор ысырык салган келинге акча жыйнап берген салтка күбө болдук.

Дасторкондун үстүндө нан, каттама, боорсок, таттуулар, шириндиктер, суусундуктар, салаттар коюлган жана эң кызыктуу көрүнүш, кудааларга киргенде чайнекте "ширин чай" же "нават чай" берилет. Аны чынынын түбүнө аз эле куюшат, кудалар чыныны дасторконго койбостон, бир көтөрүп ичиш керек. "Ширин чай" берүү салтынын мааниси ширин кудалардан бололу, ал эми жерге койбой, туруп көтөрүп ичкендин белгиси эки жаш тең

арып, тең карысын дегенди түшүндүргөн. Өзбекстандык кыргыздар кыргызстандык боордошторунан айырмаланып, конок сыйлоодо аябай сарамжалдуу экендигин белгилеп кетсек болот. Дасторконго ашыкча нерсени койбойт, жандык ашыкча союлбайт, куадаларга бир кой союлат, кийиттер да ашыгы менен коюлбайт. Тартылып жаткан тамак-аш да аябай аз көлөмдө берилет, ашыкча ысырапкорчулуктун жок экендиги биз үчүн аябай жагымдуу көрүнүш болду. Себет деген бар, бирок ар себет өзүнчө жасалат: нан себет, мөмө себет, шириндик себет, суусундук себет.

Дагы бир белгилеп кетүүчү салт – өкүл ата, өкүл эне өзбек элинде жок, бирок кыргыздарда бар. Кыргызстандагы кыргыздардан айырмаланып, өзбекстандык боордоштордо өкүл ата, өкүл эне эки жашка шакек алып бербейт жана алардын ата-энесине кийит кийгизбейт. Кыз тараптан келген кудаларга себет киргизет, союш сойбойт. Себет менен кошо дасторконго эки даана чоң торт коюшкан.

Конокторго сый тамактар тартылып, алар эс алган соң той башталат. Биз күбө болгон тойдо оюн-тамаша сыртκы короодо өттү, ал үчүн айылдын эли той-маарекелерди өткөрүү үчүн атайын алынган чатырча, стол, отургучтары коюп, төргө эки жашты отургузуп, тойду башташты. Ар бир куттуктоодон кийин сөзгө чыккан тарап бийлейт (өзбекстандык кыргыздарда оюнга түшөт деп айтылат. Авт.) жана бий учурунда ал адамдарга акча кыстарышат. Музыка бүткөндө бийлеген адам чогулткан акчаны эки жаштын алдына барып коет. Акчаны алып кетпейт, сөзсүз калтырат.

Эки жашка каалоо-тилек айтууга бала тараптан да, кыз тараптан да жакын туугандары чыгат. Кыргызстандагы тойлордон айырмаланып, сөзгө жамаат болуп чыгышпайт, эки же үч адамдан гана чыгат, ошентип отуруп, барган коноктордун дээрлик баарына сөз берилет. Айылдагы тойго 100 адамдай конок катышат, көбүнчө жаштар катышат. Столдун бетине тамак-аш коюлбайт, дасторкон гана салынат. Себеби коноктор үйдөн тамактанып, сый көрүп чыккан. Барган коноктордун баары чыга бербейт, аксакалдар үйдө отурат, жаштар чыгып, бийлеп келишет.

Андан кийин куда тараптан кыз көчүрүп келген коноктордду үйгө алып кирип, сый тамак берүү уланат. Сый тамакка шорпо берилип, эт тартылат, акырында аш берилет. Дасторконду келген коноктор баштыктарга салып, бөлүп алышат. Эң акырында тойдун ээси кудаларга кийит кийгизет. Кыргызстандагы салттардан айырмаланып, кийитке жоолук, маталар гана берилет, аксакалдарга чапан, чепкен сыяктуу кийиттер тартуу болот. Эч кандай капачылык болбойт, элдин топуктугуна жана каниеттигине суктанса болот.

Эң акырында той ээлерине, эки жашка бата берилет. "Алдыңарды мал бассын, артынарды бала бассын, ыйманы ысык перзенттерди берсин, бактылуу болгула, тактылуу болгула, урматтуу болгула, көп жашагыла, жашоонор гүлдөй кооз болсун, асалдай ширин болсун, тапкандары тилла болсун, кармаганы алтын болсун" деген баталар берилди.

Өзбекстандагы кыргыздардын каада-салттарында өзбек элинин салттарынын элементтери көп кездешкенин белгилеп кетсек болот. Сөздөрүндө да дээрлик өзбек тили колдонулат, себеби биз барган айылда кыргыздар азыраак санда жашап келет.

Өзбекстандык кыргыздарда өзбек элинин "мазар" салты да колдонулуп келген. Бул салтка ылайык, кыз тарап тойдон кийин 40 күн бою күйөө балага тамак жеткирип берип турган. Көбүнчө ал коюу, даамдуу тамак болуу зарыл эле. Бирок, соңку жылдары бул салт эки тараптын сүйлөшүүсүнүн негизинде колдонулбай калгандыгын же болбосо 3-5 күнгө чейин гана тамак жеткирүү менен чектелгендигин маалымдашты.

Жыйынтыктап айтканда, Өзбекстандагы кыргыздардын каада-салттарында өзбек жана кыргыз элинин салттарынын аралаш кездешкенин белгилеп кетебиз. Бул көрүнүш эки элдин кылымдар бою жанаша жашап, маданий жалпылыктары тыгыз байланышта болгондугун билдирет. Этникалык кыргыздардын маданиятынын кошуна элдердин маданияты менен аралашуусу үйлөнүү тойго да таасирин тийгизген. Мындай өзгөрүүлөрдү биз каада-салттын салттуу көрүнүштөрү менен катар бир кыйла жеңил, жөнөкөй түрлөрүн кездешкенинен байкадык.

**Адабияттар:**

1. Губаева С.С. Этнический состав населения Ферганы в конце XIX- начале XX вв. –Ташкент, “Фан” , 1983.
2. Кармышева Б.Х. Очерки истории южных регионов Таджикистана и Узбекистана. –М., 1976.
3. Койчуев А. Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине. Б,, 2001.
4. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк.Авт. Каратаев О. Эралиев С. -Б., 2005.
5. АТД 1.

**Респонденттер:**
1. Калбаева Розахон. 58 жаш. Мукур айылы.
2. Пулатова Бурабия. 73 жаш. Мукур айылы.
3. Шералиева Наргиза. 49 жаш. Мукур айылы.
4. Эрмаматова Санталат. 75 жаш. Мукур айылы.

УДК: 94 (575.2) (04)

**Жаныбекова К.Р.,** *т.и.к.,*
*Ж.Баласагын атындагы*
*Кыргыз улуттук университети*

## ЖАЙЧЫ-БАКШЫ (ШАМАН) ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ БӨРҮ

**Жаныбекова К.Р.,**
*кандидат исторических наук,*
*Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына*

## ЖАЙЧЫ-ВЕДЬМА - ВОЛК В МИРЕ (ШАМАНОВ)

**Zhanybekova K.R.**
*Candidate of Historical Sciences,*
*Kyrgyz National University named after J. Balasagyna*

## ZHAICHI IS A WITCH-WOLF IN THE WORLD (OF SHAMANS)

**Аннотация.** Макалада тотемдик жырткыч айбандардан болгон карышкырдын шамандардын (бакшылардын) дүйнөсүнөн алган орду иликтенет. Карышкыр мифологияда шамандардын колдоочусу, сактоочусу жана жардамчысы катары белгилүү. Шаман – “бакшы” термининин синоними, шаманизм – Сибирдин, Орто Азиянын калктарынын байыркы доорлордон калыптанган диний-философиялык системасы, дини. Шаман тунгус-маньжур тилдүү элдердин диний-ритуалдык культтарды алып барган жана аткарган диниятчыл кишинин (аялдын) иеархиялык ордун аныктайт. “Бакшы” – кыргыздардагы диний ритуалдарды аткарган шамандын аталышы, анын байыркы Енисей кыргыздарындагы формасы – “кам” (кытай хроникаларында – “гян”), мусулман булактары кыргыздардагы кам-бакшыларды “фагинун” деп аталарын белгилешкен.
**Негизги сөздөр**: кыргыздар, бакшы, шаман, культ, кам, карышкыр, мифология.

**Аннотация.** В статье рассматривается роль и место волка, одного из тотемических хищных зверей, в мире шаманов (бакшы). Волк известен в мифологии как защитник, хранитель